***Сейдекулова Күлсүн Сейдекуловна***
***педагогика илиминин кандидаты, доцент***
***Мектепке чейинки жана башталгыч мектепте билим берүү лабораториясы***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ ЫЙМАНДУУЛУККА, АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО ПРОБЛЕМАЛАРЫ

***Сейдекулова Кулсун Сейдекуловна***
***кандидат педагогических наук, доцент***
***Лаборатория дошкольного и начального школьного образования***
***Кыргызская академия образования***

# ПРОБЛЕМЫ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

***Seidekulova Kulsun Seidekulovna***
***Candidate of pedagogical sciences, docent***
***Kyrgyz Academy of Education***
***Laboratory of preschool and primary school education***

# THE PROBLEMS OF MORAL EDUCATION OF CHILDREN OF PRESCHOOL AGE

***Аннотация:*** *Макалада мектепке чейинки курактагы балдарды ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоонун мазмуну жөнүндө сөз болот. КРнын Президентинин 5-январдагы «2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият деп жарыялоо жөнүндө» жарлыгына карата балдар бакчаларында ар кандай иш-мердүүлүктөрдү уюштурууда балдарды ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо иш чараларынын тарбиялык максаттары каралган.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены содержание проблемы нравственного воспитания детей дошкольного возраста. Во исполнения указа Президента КР от 5 января 2017 года об обьявлении «Годом нравственности, воспитания и культуры» с детьми должны проводиться мероприятия по воспитанию у детей нравственности и культуры во всех режимных процессах детского сада.*

***Annotation****: The article deals with the content of the problem of moral education of preschool children. In pursuance of the decree of the President of the Kyrgyz Republic on January 5, about the «Year of the Nation of Education and Culture», children should be encouraged to cultivate the morality of culture in all the regime processes of the kindergarten.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *ыйман, адеп, инсан, тарбиялоо, билим берүү, этнопедагогика, маданият, руханий, акыл-эс, интелектуалдык, стандарт, программа, пландаштыруу, өнүктүрүү.*

***Ключевые слова:*** *нравственность, воспитание, этнопедагогика, образование, культура, умственное развитие, интелектуальный, стандарт, программа, планирование, развитие.*

***Key words****: morality, upbringing, ethnopedagogy, education culture, intellectual deve-*

*lopment, intellectual standard, program, planning, development.*

Биздин коомдогу социалдык-экономикалык, саясий жана маданий терең өзгөрүүлөргө байланыштуу билим берүүнүн баштапкы звеносу-мектепке чейинки тарбия да учурдун талабына ылайык олуттуу жаңылануулары башынан өткөрүүдө. Мектепке чейинки мекемелердин педагогдору үй-бүлө менен тыкыс биримдикте баланын инсандык негиздерин өнүктүрүүгө, ыйман, адеп жана маданияттуулукка тарбиялоого жана аларды мектепке даярдоону ишке ашырууга чакырылган.

КРнын Президентинин 5-январдагы «2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият деп жарыялоо жөнүндө» жарлыгы боюнча коомдун баардык күч аракетин адамга, анын адеп-ыйманына жана руханий дүйнөсүнө багыттоо зарылдыгы балдардын жаш курактарына ылайык окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүндө ишке ашыруу, ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруунун мааниси чоң.

Мектепке чейинки уюмдарда кенже курактан баштап балдарды дене тарбия, интеллекттик, акыл-эс, эмгек, эстетикалык, экологиялык жана экономикалык жактан тарбиялоого, оюн жана мамилелешүү аркылуу өнүктүрүүгө ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо маселелерине көңүл буруу керектигине чоң маани берилет. Анткени келечекте мамлекетибиз ийгиликтүү өнүгүшү үчүн жаштарыбыз ыймандуу, адептүү, билимдүү жана улуттук маданияттын нормаларын билген инсан болушу керек. Ошондуктан Президенттин жарлыгында «... азыркы шартта заманбап билим берүү, маданият жана маалымат саясатын калыптандыруу, өз тарыхыбыз менен маданиятыбызга таянуу аркылуу таалим-тарбия системасын түзүү мамлекеттин маанилүү милдети болуп саналат» - деп айтылат. Мектепке чейинки уюмдар үчүн окуу жылында мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык иштелип чыккан ар бир ишмердүүлүк боюнча балдар жетишүүчү ийгиликтердин негизги көрсөткүчтөрүнө ылайык тарбиячы иш алып барат.

Тарых илиминин доктору Токторбек Өмүрбеков белгилегендей «Адам өзү социалдык жандык. Ал өмүр бою тарбияланып, өмүр бою улуулардан үйрөнөт. Атайын системалуу түрдө бала бакча, мектеп, университет жана коомчулук тарабынан тарбияланыш керек» - экен. Бул тарбиячылардын окуу-тарбия иш-чараларды максаттуу пландаштыруусуна, баланын ички дүйнөсүн, жүрүм-турумун жакшыртууну ишке ашыруусуна жана баланын ийгиликтерин мамлекеттик стандарттын негизинде иштелип чыккан көрсөткүчтөр боюнча баалоосуна чоң өбөлгө түзөт.

Балдар бакчасында балдардын жаш курагына ылайык туура тулку-боюн, келбетин калыптандырууда жана дене тарбиялык көнүгүүлөр аркылуу кыймыл жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүдө кыргыз элинин жана Кыргызстанда жашаган башка улуттардын маданиятын, каада-салттарын эске алуучу элдик кыймылдуу оюндардын да мааниси чоң. Кичине тайпалардан баштап эле балдарды күн тартибине ылайык уюштурулган оюндар жана сабактарда активдүү болууга, өз алдынча оюндарды чыгармачылык менен уюштурууга, кызыгууларын ойготууга керектүү чөйрөнү, шартты түзүү максатка ылайыктуу. Мисалы: кенже тайпаларда балдарды курчап турган турмушка, жаратылышка арналган темадагы оюндарды уюштурсак (үй-бүлө, Акылай бизге конокко келди, биздин бакча) жана окулган жомоктордун, чыгармалардын мазмундары боюнча: «Чамгыр», «Чаар тоок», Т. Кожомбердиев «Беке, Меке , Кеке жана Мүйүздүү теке», А. Жайнаков «Жакшы бала» ж.б. Жогорку топтордо: «Достошуу», «Нооруз», «Жайлоодо», «Беш коргол», «Коюма карышкыр тийди» ж.б. оюндар пландаштырылат.

Кыргыз элинин маданиятынын заманбап улуттук өзгөчөлүктөрү (Кыргызстандын герби, желеги, гимни, республиканын борбору Бишкек шаары, республиканын ири шаарла-

ры менен тааныштыруу ж.б.), элдин жашоо-турмушунун жана тиричилигинин өзгөчөлүктөрү, тарыхы, республика үчүн өзгөчөлөнгөн кесиптер, улуттук көркөм өнөр чыгармачылыктары, улуттук майрамдар, жаратылыштын ажайып жайлары (тоолор, жайлоолор, токойлор, көлдөр, дарыялар, Ысык-Көл) менен тааныштыруу менен кенже курактан баштап балдардын өзүнүн туулган, жашаган жерине, мамлекетине болгон сүйүүлөрүн тарбиялоо ата-эненин, тарбиячынын милдети экендиги көңүлдүн борборунда болуш керек. Ата-эне, тарбиячы баланы республикабыздын аймактарында жашаган адамдардын жашоо-тиричилиги, эмгеги, жаратылышынын кооздугу тууралуу конкреттүү маалыматтар менен көркөм образдарды, накыл кептерди жана көрсөтмөлүүлүктү айкалыштырып иш алып барса, баланын ата-мекенине болгон кызыгуулары өркүндөйт.

Мисалы: видеофрагменттерди көрсөтүү аркылуу:

- балдарга өтүлүп жаткан тема боюнча көрүнүштөрдү көрсөтүү аркылуу, элестетүүлөрүн өркүндөтүү (Кырчын жайлоосу, көчмөндөр оюндарынан көрүнүштөр, элдик кол өнөрчүлүктүн көрсөтмөсү ж.б.);
- таанышып жаткан буюмдардын, көрүнүштөрдүн жана сюжеттердин маңызын терең түшүндүрүүгө жардам берүү;
- баланын кызыгып кабыл алуусун, түшүнүгүн, сөз байлыгын жана активдүүлүгүн өнүктүрүү;
- көрсөтмөлүүлүк аркылуу баланын эске тутуу, кыялдануу, билим берүү жана тарбиялоочу максаттарын жогорулатуу жана үлгү материалдарды көрсөтүү.

Элдик педагогиканын элементтери: накыл кептер, элдик оозеки чыгармалар, миңдеген жылдардан бери топтолгон элдик руханий жана маданий мурастардын баалуу үлгүлөрү камтылган «Манас» эпосу, элдик оюндар, элдик кол өнөрчүлүк искусствосунун элементтери балдарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ экендиги талашсыз. Мындай мамиле акылмандыктын кенчи болгон элдик педагогиканын бай үлгүлөрү аркылуу, балдарды жалпы адамзаттык баалуулуктарга аралаштырууга шарт түзөт, муундар ортосундагы байланыштуулукту сактайт. Таалим-тарбия иштери балдарды кичинесинен баштап эле эли жерин сүйүүгө, улууларды сыйлоого, маданияттуу жүрүм-турумга, адеп-ахлак адаттарына, өзүнө берилген тапшырмаларды жана милдеттерди так аткарууга, ага жоопкерчилик менен мамиле жасоого, ынтымактуу ойноп биргелешип иштөөгө үйрөнүүгө, өзүнүн жана башка балдардын кылык-жоруктарына адилет баа берүүнү тарбиялоого, жөнөкөй турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууга багытталат.

Жогорудагыдай багыттуу, системалуу таалим-тарбия иштери камтылган иш чараны балдар бакчасында системалуу пландаштыруу гана баланы кенже курактан баштап аң-сезимдүүлүккө, тартипке жана турмушка тарбиялоого жана балдарда гумандуулук, толеранттуулукка, өз ара боорукерлик мамиледе болууга жана айлана-чөйрөдө туура социалдашууга шарт түзүлөт. Адеп-ахлак сапаттардын, этикеттин жана ыймандуулуктун негиздерин калыптандыруу үчүн зарыл болгон коомдук моралдын нормалары тууралуу заманбап билимдердин, талаптардын мазмуну, анын негиздери балдарга жаш курактарына ылайык конкреттештирилип окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүндө ырааттуу берилгени оң. Бул баланын күндөлүк жашоосундагы иш аракетинин бардык түрлөрүн камтыгандыгы менен шартталып, айлана-чөйрөгө оң мамилени тарбиялоонун чоң мүмкүнчүлүктөрүн өзүнө алып, бир катар адеп-ахлак белгилери (тартиптүүлүк, уюшкандык, сарамжалдуулук, жөнөкөйлүк, кыйынчылыктарды жеңе билүүнү калыптандыруу) менен шартталат.

Мектепке чейинки курактагы балдарды этикетке (жүрүм-турум маданиятына), көндүмдөргө, жакшы адаттарга калыптандырууга тарбиялоону чоң кишилер жана курдаштары менен мамилелешүү процессин уюштуруу

жана иш аракет маданиятын сактоо, сырткы көрүнүшүн күтө билүүгө тарбиялоо боюнча педагогикалык талаптардын мазмунуна өзгөчө көңүл буруу аркылуу ишке ашырылат. Ошондуктан мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо бөтөн жактан келген идеалогияларды, методикалык жана программалык материалдарды түздөн-түс кабыл албай, кылым карыткан, турмуштун терең сыноосунан өткөн: элдин ой-пикири, накыл сөздөрү, макал-лакаптары, санжыралары, каада-салттары жана көркөм өнөрчүлүктөрүнүн дөөлөттөрү, кыргыз эли үчүн тарыхтын, турмуш-тиричиликтин, философиялык жана педагогикалык бийик ойлору камтылган ырлар, жомоктор, макал-лакаптар, кенже жана чоң эпосторундагы кызыктуу окуялар менен тааныштыруу маанилүү, алар бала үчүн турмуш менен айкалышкан чоң мектеп болот.

Учурда, илимий-педагогикалык изилдөөлөрдө белгиленгендей оозеки, адабий көркөм чыгармалардын мектеп жашына чейинки курактагы бөбөктөрдүн эне тилинде сөз байлыктарынын, байланыштуу кебинин, ички дүйнөсүнүн байышына, адеп-ахлак сапаттарынын калыптанышына, акыл эсинин, дүйнө таанымынын өсүп-өнүгүүсүнө тийгизген таасири зор.

Кыргыз элибиз эчен кылымдар бою жаш муундарды ыйманга, адептүүлүккө тарбиялоонун көөнөрбөс үлгүлөрүн муундан-муунга оозеки түрүндө берип келген. Элдик педагогиканын бай үлгүлөрү эл арасында сакталып, азыркы күндө да өзүнүн маанисин жоготпой, актуалдуу. Кыргыз эли байыртадан таалим-тарбияга чоң маани берип, ыйман-ызатты абдан аздектеген. Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо өтө жогорку деңгээлде болгон. Улуу адамдарды урматташып, анын коомдогу орду өтө бийик тутулуп, аларды кичүүлөр сыйлашкан. Укумдан-тукумга уланып келе жаткан бабалардын санжырасы «Бабалардан калган сөз»: жаштарга таалим-тарбия болуучу окуялар, жомоктор, уламыштар, макал-лакаптар ал тургай тамашалар да, балдарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ болгон. Мына ушундай «Бабалардан калган накыл сөздөрдү», кыргыздын улуттук көркөм тилинин кооздуктарын, маанисин, урпактан-урпакка өтүп келе жаткан маданиятын, таалим-тарбия сөздөрүн балдар кенже курактан баштап эле айлана-чөйрөсүндөгү улуу муундагы адамдар менен мамилелешүү аркылуу жан дүйнөсүнө сиңирген. Кыргыздар ар бир жаш курактагы балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, күч колдонбостон эле үлгүлүү сөз, сөздүн күчү менен тарбиялашкан. Бул адеп-ахлак, накыл сөздөрдү уккан жаштардын түшүнүктөрү өркүндөп, жашоого болгон кызыгуусу артып, жомоктордогу айтылган каармандардай болуп эли-жерин сүйүүгө, аны коргоого дилгирленишкен.

Улуу инсандардын айткан накыл сөздөрүн, осуяттарын жана окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнүн жетишкендиктерин айкалыштыруу аркылуу элдик оозеки чыгармаларды, акын-жазуучуларыбыздын чыгармаларындагы көркөм сөздүн бай үлгүлөрүн балдардын жаш курактарына ылайык колдонуп, аларды ыймандуулукка, адептүүлүккө жана эстетикалык сезимдеринин өркүндөшүнө, калыптанышына, образдуу көркөм сүйлөөсүнө, окуяларды туура айтып берүүсүнө, эне тилинин байлыктарын түшүнүүсүнө жана аларды турмушунда пайдалана алуусуна таасир этсек болот. Көркөм сөз, чыгармалар бөбөктөрдүн түшүнүгүн кеңейтип, акыл-эсин өстүрүп, алардын айлана-чөйрөгө болгон кызыгуусун, эне тилине жана башка тилдерге болгон жөндөмдүүлүктөрүн активдештирет жана өздөрдү тыбыштык жактан туура, так, таза сүйлөөгө, сөздүктөрүн, байланыштуу кебин туура калыптандырууга өбөлгө болот. Мектеп жашына чейинки бөбөктөр өздөрү китеп окуй алышпагандыктан аларга мазмуну кызыктуу, түшүндүрүүгө ылайыкталган: кыска, кооз, көркөм сүрөттөрү бар чыгармаларды окуп берип, сүрөттөрүн бирге карап, мазмуну боюнча суроо-жооп, интерактивдүү ыкмаларды

колдонуу менен аңгемелешүү ийгиликтерге жетишүүгө шарт түзөт. Ошондуктан, тарбиячылар ата-энелерди көркөм чыгармалар менен тааныштыруунун методикалык ыкмалары менен тааныштырып, аларды окулган чыгармалар боюнча балдар менен аңгемелешүүгө, инцинировкалоого (куурчак, манжа, көлөкө театырлары, ролдор боюнча аткаруу) катыштырып, керектүү атрибуттарды ата-энелер, балдар менен чогуу даярдашып, кыймыл аракетти сөз менен айкалышта колдонууга үйрөтүүлөрү керек.

Ыр, жомок, табышмактар, жаңылмачтар, аңгемелер, сүрөттөр бөбөктөрдүн эне тилинде сөздүгүн байытууга, байланыштуу кебин, түшүнүгүн, туура сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүгө, айлана-чөйрөнү таанып-билүүсүнө зор таасир эткендиктен, улуулар бөбөктөрдүн аң-сезимине таасир этүүчү көркөм чыгармаларды, көрсөтмө материалдарды туура тандап, тарбия иштеринде активдүү колдонуулары чоң мааниге ээ. Анткени балдар көрсөтмөлүктөрдүн жардамы менен чыгармалардын мазмунун терең түшүнүү менен кабыл алышат. Көркөм чыгармалар бөбөктөрдү сөздүн, андагы окуянын маанисин гана түшүнүүгө үйрөтпөстөн, жоопкерчиликке, өз милдетин сезе билүүгө, боорукерлике, бири-бирине жардам берүүгө, өз-ара мамиле түзүүгө тарбиялайт. Башкача айтканда өзүнөн кичинекейлерге кам көрүүгө, ата-энелерин, улуу кишилерди сыйлоого, теңтуштарын урматтап, сылык мамиле жасоого тарбиялайт.

Жомоктор, ырлар, жаңылмачтар, табышмактар, макал-лакаптар бөбөктөрдүн угуу, эске тутуу, ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүп, ички дүйнөсүн кеңейтип, образдуу, көрктүү сүйлөөгө үйрөтөт. Анткени, алар балдардын жан дүйнөсүнүн өркүндөшүнө, байышына оң таасирин тийгизип, таалим-тарбия берүүчү рухий кенч болуп эсептелет. Көркөм сөз үлгүлөрү балдарды күндөлүк турмушта, сабак жана режимдин баардык учурларында бири-бирин сыйлоого, ынтымакта, достук, жолдоштук, өз ара сый мамиле түзүүгө, Ата Мекенди сүйүүгө, улууларды урматтоого, адамдардын жашоо-тиричилиги, айлана-чөйрөдөгү көрүнүштөр, жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр, жаратылыштын ажайып кооздугуна байкоо жүргүзүүгө, эстетикалык табитин козгоого, логикалык ой жүгүртүүсүн, эне тилинде сөз байлыгын өстүрүүгө, байланыштуу кебин жана маданий жүрүм-турумдарын калыптандырууга тарбиялайт. Жомоктор, ырлар, жаңылмачтар, табышмактар, макалдар, оюндар, аңгемелер балдардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүдө, сөздөрдү оңой жаттап эстеп калууга, эне тилиндеги тыбыштарды туура айтууга машыктырууга, тез ой жүгүртүп тапкычтыкка, сөздү кунт коюп угуп, туура, так, даана айтууга, бири-бири менен жакшы мамилелешүүгө жана кызматташууга үйрөтүүдө чоң мааниге ээ. Чыгармадагы окуяларды балдар ролдор боюнча аткарышып, андагы сөздөрдү, диалогдорду, жүрүм-турум эрежелерин оюндардын жүрүшүндө бекемдешсе, эстеринде бекем сакташат жана кыргыз тилинде сүйлөөгө болгон кызыгуулары, көндүмдөрү өркүндөйт.

Илгертеден эле ата-бабаларыбыз адамдарды жакшылыкка үндөп, жаман адаттардан алыс кылган, адепке тарбиялаган жомокторду ж.б. оозеки чыгармаларды балдарды тарбиялоодо колдонуп келишкени чындык. Балдар жомоктордон өздөрүнө жакшы сабактарды алуу менен бирге, эс-тутумунда өмүр бою кала турган үлгүлүү сапаттарды жашоосунда колдоно билүүгө үйрөнүшкөн. Жомоктор бир эле адам баласынын жашоосу менен байланышпастан, айлана-чөйрөдөгү адамдар менен камыр-жумур болуп жашаган айбанаттар, талаа-түстө, тоолордо, токойлордо жана океан ж.б. жерлерде жашаган канаттуулар, ар түрдүү жан-жаныбарлардын турмушу, образдары менен байланышта көркөм чагылдырылып, эл ичинде оозеки түрүндө айтылып келген. Жаныбарларга адамдарга мүнөздүү жүрүм-турумдар, карым-катнаштар жана сапаттар берилип, мазмууна жараша каар-

мандар, андагы окуялар бири-бири менен салыштырылып айтылган.

Жомокторду уккан (окуган) балдар чечкиндүүлүккө, жоопкерчиликке, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоого, кайрымдуу болууга, боорукерликке, бири-бирине жардамдашууга жана башка адептүүлүк сапаттарына ээ болушкан. Улуулар жомок аркылуу баланын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун калыптандыруучу педагогикалык максатты көздөшкөн. Баланын акыл-эсинин калыптанышы, дүйнө таанымы кыялдануу аркылуу байыйт. Бул өз кезегинде жашоо-тиричилик жөнүндө баланын түшүнүгүн өркүндөтүүгө багыттаган жол болуп эсептелет. Кыялдардын алып-учуп, өөрчүшүнө өзгөчө салымын кошкон жомоктор экендиги талашсыз. Бала жомокту угуп же окуп жатып жомокто берилгендерди кыялында элестетет. Бул жагдай - ал үчүн абдан пайдалуу жана абдан рахат алчу бир маанилүү учур. Жомоктордо адамдарга тиешелүү касиеттер, адамдык ар кандай сапаттар, турмуштук ар кандай мисалдар менен түшүндүрүлсө, ошончолук анын баланын акыл-эсинин калыптануусуна тийгизген таасири дагы артат. Жомоктор аркылуу балдардын:

- ойлонуп, өз алдынча жыйынтык чыгаруу жана кыялдануу сезимдери өнүгөт;
- кыргыз адабий тилинин чегинде сүйлөө жөндөмдүүлүгү жана сөз байлыгы өсөт;
- башкаларга жакшылык кылуу, эмгекчилдик, боорукердик, кичипейилдик, ата-энени, улууларды ардактоо, сыйлоо сыяктуу жакшы мүнөздөрү калыптанат.

КРнын Президентинин 5-январдагы «2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият деп жарыялоо жөнүндө» жарлыгы боюнча жаңыдан дүйнө таанып, эне тилинде туура, байланыштуу сүйлөөгө үйрөнүп жаткан бөбөктү кыргыз элинин бай руханий дүйнөсүнүн, адеп-ахлак жана көркөм сөз өнөрүнүн казынасы болгон «Манас» эпосу менен тааныштыруу да учурда чоң мааниге ээ экендиги талашсыз. «Манас» эпосундагы кыргыз элинин байыркы мезгилден бери колдонулуп келе жаткан када-салты, элин-жерин сүйүү, коргоо, патриоттуулукка, достукка тарбиялоо жана жашоо турмушу боюнча таалим-тарбия үлгүлөрү, баатырдык жана башка түшүнүктөр менен тааныштыруу аркылуу жаңыча ой-жүгүртө билген, сабырдуу, толеранттуу, мекенчил инсанды тарбиялоо учурда мамлекеттин, коомдун, педагогдордун, үй-бүлөнүн ыйык милдети экендиги мамлекетибиздин Президентинин жарлыгында белгиленген. Кыргыз элинин таамай айтылган накыл сөзү бар: «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат».

«Манас» эпосу менен мектепке чейинки курактагы балдарды тааныштырууда төмөндөгү негизги принциптер жетекчиликке алынат: баланын жекече жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу; ырааттуулук, уланмалуулук, аң-сезимдүүлүк, гумандуулук, толеранттуулук, турмуштук тажрыйбага таянуу; салтты, рухий мурастарды сыйлоо; улуттук дөөлөттөргө негизденүү. «Манас» эпосундагы окуялар менен тааныштыруу аркылуу тарбиячы балдарды чындыкка, чечкиндүүлүккө, тайманбастыкка, эрктүүлүккө, элин-жерин сүйүүгө, коргоого үйрөтөт.

Жогоруда айтылган ойлорду жана Кыргыз Мамлекетинин Президентинин «2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият деп жарыялоо жөнүндө» жарлыгын турмушка ашыруу максатында тарбиячы мектепке чейинки курактагы балдарды адептүү жүрүм-турумга, ыймандуулукка тарбиялоодо элдик педагогиканын үлгүлөрүн ар сабактын максаты менен айкалыштырып колдонсо гана кенже курактан баштап Ата-Мекенин сүйгөн, ата мурастарын туу туткан, патриот жараандарды тарбиялай алат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Мамлекетинин Президентинин «2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият деп жарыялоо жөнүндө» жарлыгы., Б.; 2017.
2. С. Иптаров: «Этнопедагогика жана тарых-улуттук нарк-насилди калыптандыруунун негизи» .(КБАнын кабарлары, №3).

3. А. Акматалиев: «Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү», Б.; 2002.
4. «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» Мамлекеттик стандарты., Б.; 2012.
5. Мектепке чейинки балдарды тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүүнүн базистик (жалпы өнүктүрүүчү) программасы., Автор-түзүүчүлөр: Усенко Л.В., Сейдекулова К.С., Б.; 2016.

***Рецензент: д.п.н., профессор Бабаев Д.Б.***